УДК 82.0

Садыров М.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТ ТААНУУСУНУН ПАЙДА БОЛУУ БУЛАКТАРЫ

*Макалада кыргыз адабият таануусунун илимий булактарынын эволюциялык жактан калыптанышынын улуттук чыгармачылыктагы негизги маселелерине кёъщл бурулат.*

Кыргыз адабият таануусунун пайда болуу тарыхына көз чаптырып көрсөк, анын өз алдынча илимдин объектисине айлангандыгына анча деле узак мезгил боло элек. Албетте, биз бул жерден, биринчи кезекте, көркөм адабий чыгармачылыктын адабият таануунун пайда болушуна жана калыптанышына карата болгон өз ара мамилелерин ачып бербей туруп, бул илимий тармактын башаттарын аныктап берүүбүз мүмкүн эмес. Адабият таануу, биринчи кезекте, функционалдык илим болуп эсептелгендиктен, анын таануучулук тажрыйбаларынын калыптанышы адегенде адабий көркөм чыгармачылыктын контекстинде ишке ашырылгандыгын белгилеп кетүүгө болот. Ошол эле учурда адабият таануунун бир дагы маселеси адабий көркөм практикадан сырткары иш жүргүзө албайт, б.а., бул экөө бир бүтүндүктө турганда гана адабий илимдин таануучулук процесси ишке ашат. Ал эми биз жогоруда белгилеп жаткан адабият таануунун алгачкы кадамдары мезгилинде практика менен теория бирге жашап, кезегинде бири экинчисинин адабий-илимий компоненти катары кызмат кылып, алардын калыптанып өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп берген.

«Адабият жөнүндөгү илим качан гана адабий чыгармалар пайда болгон мезгилден башталабы, же анын пайда болуу стадиясы алда канча мурда жаралабы?» деген суроого жооп издөө ары түйшүктүү, ары татаал маселелерден экендиги айтпаса да белгилүү. Бул маселени мындай мүнөздө карап жатканыбыздын бир катар себептери бар, анткени, биринчи кезекте, бул маселеге кыргыз адабият окумуштуулары анын адабий сын маселесине кайрата гана кайрылып келишкен. Алсак, кыргыз адабий сын тарыхынын башаты элдик фольклордук чыгармалардан баштала тургандыгын адабиятчы К.Байжигитов «Кыргыз адабий сынынын тарыхы» (1992) аттуу окуу китебинде белгилесе, ушундай эле көз карашты адабиятчы К.Даутов «Адабий сын кантип жаралган» (2002) деген эмгегинде жазат. Чет элдик адабият таануучуларынын ичинен көпчүлүк учурда өзүбүз колго алып окуп жүргөн орус адабият окумуштуулары мындай көз караштарды XX кылымдын 60-70-жылдарында эле айта башташкандыктарын көрөбүз. Ошол эле чет элдик адабият таануучуларынын эмгектеринде деле көпчүлүк учурда адабият илиминин пайда болуу тарыхына басым жасашкандыгын көрөбүз. Ал эми бул илимдин жазма адабият пайда болгонго чейин эле илимий - эстетикалык категориялары иштелип чыгылгандыгы тууралуу адабиятчы К.Байжигитов минтип жазат: «…адабияттын оозеки формасындагы үлгүлөрүндө карапайым калктын көркөм чыгармачылык, эстетикалуулук жөнүндөгү идеялары, өнөр, адабият тууралуу көз караштары, ой-толгоолору, түшүнүктөрү жөнөкөй формада болсо да элестүү чагылышка ээ болгон. Элдик оозеки чыгармачылыктын эстетикасында эле алар примитивдүү түрдө болсо да өзүнчө системага салына баштаган…, б.а., терминологиясы каймактануу жолуна түшкөн» [1:47]. Белгилүү адабий сын тарыхчысы туура баамдагандай, кыргыз адабият таануусунун башаты элибиздин фольклордук чыгармачылыгында катылып жатуу менен, кезегинде, бул багыттагы изилдөө иштеринин өзөгү катары кызмат кылган жана бул багыттагы иштер али да болсо алдыга чоъ милдеттерди коюп отурат.

Эми бул жерден өзүбүз жогоруда кеп кылып келе жаткандай, адабият таануу илиминин фольклордук эстетикадан баштап калыптануу процесси, кийинки акындар поэзиясында андан ары өсүү этабына өтүп, адабияттын таануучулук функциясынын теориялык мүнөзгө ээ болуусун шарттагандыгын көрөбүз. Муну биз көбүнесе акындар чыгармачылыгын жекечелик мүнөзү менен коштолуп, ал, өз кезегинде, чыгармачылыктын

жекечелик адабий-көркөмдүк талаптарын алдыга кое баштагандыгынан көрөбүз. Бул жерден салыштырмалуу түрдө алганда, фольклордук чыгармачылыкка, негизинен, мүнөздүү болгон нерсе: анда көп варианттуулукка жол берилип, чыгарманын сапаты оозлон-оозго өткөн сайын жогорулап, мазмундук жактан да улам байып отурууга жөндөмдүү келет. Ал эми жекече чыгармачылыктын стадиясына туура келген акындар поэзиясында адабий чыгармачылыктын жекечелик тажрыйбасы аркылуу гана анын кийинки көркөм-эстетикалык этаптары ишке ашуусу мүмкүн. Атап айтканда, фольклордогу чыгармачылык тажрыйба бир муундан экинчи муунга өтүү жолу менен улам адабий таануучулук процесси ишке ашса, ал эми акындар поэзиясындагы адабий таануучулук процесс, тескерисинче жалпыдан жекече чыгарма жаратуу мүнөзү менен айырмаланат. Мындан улам адабият таануу процесси да жалпыдан жекеликке карата шартталып, өзүнүн илимий-теориялык базасын конкреттештире баштайт.

Элдик оозеки чыгармачылыктын элдик түрүнөн жекече мүнөзүнө өтүү тепкичинде турган акындар поэзиясына илимий негизде баа берүүгө аракеттенген адабиятчылардын бири А.Обозканов: «… "ырчы" термини төкмөлүк өнөрү бар шайырларга, ал эми "акын" термини жазгыч, бүгүнкү профессионал акындарга карата (поэт) гана колдонулганы ылайыктуу» деген пикирин ортого салат. Албетте, кандай гана термин маселеси болбосун, ага илимий аныктыкты жана тактоолорду киргизүү өтө зарыл, бирок маселенин экинчи жагына келгенде, ырчы термини болобу, акын термини болобу, алардын биринин оозеки же жазма адабияттын алкагы менен эле чектелип калуусу, көбүнесе, бир жактуулукту көрсөтүп калар эле. Атап айтканда, ыр формасы бул оозеки да, жазма да адабияттын чакан жанрын түшүндүрүү менен, бул жаатта ийгилик жараткандарды (эл баасына татыгандарды) акын атап келебиз. Мындай салттуулук байыркы гректерде да маанилүү орунга коюлуп, эл акындарын рапсоддор (ырчылар), аэддер (акындар) деп бөлүштүрүп келишкени белгилүү. Ошондуктан эчен кылым мурдагы ата-бабаларыбыздан тартып ыр жандап жашап келген кыргыз элинин акындык өнөрүнүн жашоосун кыскартуунун кажети жок деп ойлойбуз. Ал эми ыр деген терминдин өзүнө келе турган болсок, орус адабият окумуштуусу А.Н.Веселовский: «Кандай гана жанр болбосун, биринчи кезекте, элдик каада-салттардан, үрп-адаттардан башат алат», - деп айткандай, ыр түшүнүгү кыргыз элинин ырым-жырымдары, дарымдары ж.б. чыгармалары башынан бери эле уйкаш формада болуп, кезегинде анын аталышы ошол **ыр**ым-**жыр**ымдын аталышын алып калышы толук мүмкүн. Мындай ойдун кандайдыр бир денгээлде туура жагын боордош казак элинин ырды жыр (**ыр**ым-**жыр**ым) деп аташкандыгы да далилдеп тургансыйт.

Акын термини болсо, кыргыздын жаратылыш шарттарынан (тоо суусундай шыдыр аккын) улам келип жаралган, биринчи кезекте, оозеки адабиятыбызда түптөлгөн түшүнүк болуп санала тургандыгын адабиятчы А.Обозканов белгилегендей, «аккын», «төккүн» деген сөздөн келип чыгышы мүмкүн деген оюна кошулууга болот. Анткени кыргыз адабият таануусу үчүн ар бир адабий терминдин келип чыгуу мүнөзүн, улуттук мүнөздөгү тарыхын чечмелеп алуу, кезегинде, алардын аталышына илимий жыйынтык берүүгө негиз түзөт.

Бул жерден **ырчы** жана **акын** терминдерине адабий илимдин теориялык негиздери аркылуу мамиле кыла турган болсок, ырчылар же акындар чыгармачылыгы фольклор таануу менен адабият таануунун ортосунда турган, т.а., оозеки адабияттын жазма адабиятка өтүүсүндөгү ортомчулук функцияны аткарган чыгармачылык катары, аны өз алдынча илимий объектиде изилдөө зарылчылыгы бар. Мына ушул жагдайдан келип, элдик чыгармачылыктын бул түрүн **ырчы таануу** дегенге караганда, **акын таануу** дегенибиз изилдөө предметинин илимий объектисин так белгилеп алууга шарт түзөт. Ал эми ырчылык өнөр музыка таануунун объектисине жакыныраак болуп, кезегинде, ал адабий чыгармачылыктын илимий предметин так белгилей албайт.

Кыргыз адабиятынын илимий таануучулук процесси фольклордук жана акындар поэзиясы учурунда ишке ашырылган чыгармачылыктардан болуп эсептелет, т.а., көркөм

өнөрдүн адабий таануучулук функциясын алып жүргөн өкүлдөр - элдик чечендер, төкмө акындар ж.б. эсептелишкен. Чечен сөздөрүндө, акындар чыгармачылыгынын айтыш, төкмө жанрларында, чыгармачылыктын баа-баркына, чечендердин, акындардын беделине эл тарабынан кадимкидей адабият таануу негизиндеги баа берилип келгендиги белгилүү. Мисалы, элибизде жөө чечен деп кара сөздүн чеберин белгилешсе, чечен деп акын-чечендерди аташкан болсо, чала акын, залкар акын ж.б. деп эл, өз кезегинде, чечендердин, ырчылардын чеберчиликтерине жараша бөлүштүрүп, алардын чыгармачылык даражаларына, беделине адабий-эстетикалык мамиле жасашкан. Ошентип, кыргыз элинде элдик адабиятты таануучулук салттары, анын элдик жады (оозеки) адабиятында эле түптөлүп, акындар поэзиясында ал өзүнүн адабияттык категориясына ээ боло алган десек, жаъылышпайбыз.

Кыргыз элинин дидактикалык, чечендик чеберчилик сыяктуу чыгармаларынан тартып, акындар поэзиясынын бардык түрлөрүндө (ырчылык, төкмөлүк, айтыш ж.б.) адабият таануунун негизги категориялары (адабий илим, адабий сын) калыптанып, белгилүү денгээлде өнүгүүгө ээ болгон. Мындан улам адабият таануунун фольклордук чыгармачылыктагы, акындар поэзиясындагы ордун, көбүнесе көркөм оозеки адабият таануу этабы деп белгилөөгө болот. Анкени көркөм чыгармачылыктын маани-маӊызына, даражасына баа берүү, ага карата чоъ талаптарды коюу, биринчи кезекте, адабият илиминин теориялык (сындык) маселелеринин кыргыз элинин жады адабиятында эле иштелгендиги талашсыз чындык. Алсак, кыргыз элинин чечендик чеберчилигиндеги сөз маанисин чечмелөө багытындагы, акындар поэзиясындагы чыгармачылыкка карата коюлган жогорку талаптар мунун түздөн-түз далили болуп саналат. Мисалы, акындардын бири-биринин чыгармачылык дареметине карата баа берип, бийик көркөмдүк талаптарды коюу маселеси көркөм чыгармачылыкты адабий багытта таануу багытынын дээрлик калыптанып калгандыгын белгилейт.

Ошол эле учурда адабий түшүнүктөрдүн тектеш, чектеш ж.б. элдер аркылуу келип кириши фактыларын да эстен чыгарууга болбойт. Бул процесс көбүнесе профессионалдык жазма адабияттын учурунда адабий илимдин терминологиялык түшүнүктөрү такталып, ал, өз кезегинде, адабият таануунун предметинин, изилдөө объектилеринин иштелип чыгышына өбөлгө түзгөн. Адабий көркөм чыгарма менен адабий теориянын ортосунда түзүлгөн көп кылымдык практикалык алакалар, жаъы көркөм жана илимий баалуулуктагы түшүнүктөрдүн өздөштүрүлө башташын шарттаган.

Бул маселени адабият таануунун адабий жанр түшүнүгүнүн негизинде далилдеп берүүгө болот. Байыркы грек философу Аристотелдин адабий чыгармаларды жанрдык жактан классификациялоосунан баштап, дүйнөдөгү бардык элдер менен катар эле, кыргыз элинин фольклордук жанрларында, акындар чыгармачылыгынын жанрларында жана профессионалдык адабий жанрларында адабий формалык (прозалык, лирикалык, драмалык) өз алдынча жекеликтери сыяктуу эле, алардын жалпылыктары да көп. Мисалы, фольклорго, акындар чыгармачылыгына жана жазма адабияттын бардыгына бирдей тиешелүү жанрдык жалпылыктар төмөнкүлөр: кара сөз формасы (жомок, миф, санжыра, тамсил, чечен сөздөр, эпикалык тек ж.б.); ыр формасы (элдик лирика, санат, терме ырлары, лирикалык тек ж.б. ); драмалык форма (алымсабак ырлары, айтыш өнөрү, эпикалык драмалык мотивдер, драмалык тек ж.б.). Ошондуктан адабият таануунун пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү этаптарынын бардык стадиясын басып өтүп келген адабий-көркөм компонент болуп адабий жанр эсептелет.

Адабият таануунун негизги предметтүүлүгүн түзгөн адабият тарыхы, адабият теориясы жана адабият сыны дал ушул адабий жанрлардын негизинде түптөлүп, адабий илимдин эволюциялык жактан туруктуу түрдө өнүгүүсүнө шарт түзүп берди. Мына ушул адабий жанрлардын териндик түшүнүктөрүн Аристотель, биринчи кезекте, элдик чыгармачыл салттардан (фольклордон, акындар чыгармачылыгынан) алган, б.а., эпос термини элдик эпикалык чыгармалардан (“Илиада”, “Одиссей”) аркылуу алынган болсо, ал эми лирика түшүнүгү элдик музыкалык аспаптын негизинде алынса, драма термини

элдик каада-салттын аркасында түптөлгөн искусство чыгармасынын түз маанисиндеги аталышы болуп эсептелет. Ошентип, фольклордук чыгармачылыктын, акындар чыгармачылыгынын жана жазма адабияттын түптөлүп, калыптануу аркылуу өнүгүүсүнүн эволюциялык процессин ишке ашырган адабий жанр адабият таануу илиминин эъ байыркы формаларынан болуп саналат. Адабий жанрлардын түпкү касиетин элдик чыгармачыктын таасиринен улам өз учурунда туура баамдай билген байыркы грек философу Аристотелдин «Поэтика» аттуу эмгеги  адабият таануунун баштапкы предметин белгилеп, кезегинде ал кийинки пайда болгон жалпы адабий чыгармачылыктын дүйнөлүк көркөм формасын аныктады. Дегеле, адабий чыгармачылыктын муундан-муунга өтүп, көп кылымдар бою баштапкы касиеттерин сактап калышынын негизги критерийи болуп, адабий-жанрдык форма эсептелет, б.а., адабий чыгармачылыктын эъ эстутумдуу компонентери катары эпос, лирика, драма болду. Алсак, бул көркөм-эстетикалык формалар адабият таануунун адабий-маалыматтык компоненти эле эмес, анын адабияттык билимин улам өнүктүрүп, адабий чыгармачылыктын адамды жана аны курчап турган дүйнөнү таанып, өздөштүрүү процессин ишке ашырган жападан-жалгыз туруктуу адабий таануучу компоненттен боло алды.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабият таануусунун фольклордук, акындар поэзиясындагы, кол жазма жана профессионалдык жазма адабияттынын башын бириктирип турган эстетикалык жана илимий процессинин эволюциясын ачып берүүдө, адабият таануунун пайда болуп, теориялык жактан калыптанышы үчүн фольклордук жана адабий чыгармачылыктын ар биринин орду бар экендигин, алардын мурункусу кийинкисинин калыптанышына жана өнүгүшүнө таасирин тийгизгендигин белгилеп кетүүгө болот.

Адабияттар:

1. Байжигитов К. Кыргыз адабий сыны жана илими: Проблемалар, көз караштар. - Б., 2006.
2. Веселовский А.Н. Историческая поэтика. - М., 1989.
3. Курилов А.С. Литературоведение в России XYIII века. – М., 1981.
4. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. – Б., 2006.